КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ

# САТЫП АЛУУЛАРДЫ УЮШТУРУУ ЖАНА БАНКТЫК КОШТОО ШАРТЫН КОЛДОНУУ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫДА МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОНТРАКТТАРДЫ ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

Кыргыз Республикасы
2023

# КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТОО ШАРТЫН КОЛДОНУУ МАКСАТЫ:

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мамлекеттик бюджетинин каражаттарынын максаттуу пайдаланылышын камсыз кылуу.
2. Сатып алуучу уюмдардын финансылык жана салыктык тобокелдиктерин басаңдатуу (минималдаштыруу)
3. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча контракттардын ачык-айкын аткарылышын камсыз кылуу.

*Ресурстарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу аркылуу мүмкүн болушунча пайдага жетишүү үчүн шарттарды түзүү максатында сатып алуучу уюмдардын ишти камсыз кылууга байланыштуу мамилелерди жөнгө салуу аркылуу улуттун туруктуу өнүгүүсүнө жетишип, жашоо шартты жогорулатуу «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамдын максаты.*

*Майзам, мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жөнөкөйлөтүүгө жана коррупцияга бөгөт коюуга (минималдаштырууга) багытталган»*

***Кыргыз Республикасынын Президенти***
***Садыр Жапаров***

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТОО ТАРТИБИН АНЫКТАГАН ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАР

**Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелинде кабыл алынган** «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» **№27** мыйзамы (мындан ары – Мыйзам)

**Мыйзамдын контракттарды банктык коштоо боюнча беренелери :**

- «Контракттарды банктык коштоо», «Ыйгарым укуктуу банк» аныктамалары берилген **3-берене.**
- **49-берене. «Контракттарды банктык коштоо»:**
  «Мамлекеттик сатып алуулар боюнча контракттарды банктык коштоону камсыз кылуу шарттары жана тартиби Министрлер кабинетинин чечими менен белгиленет.»

**Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы** «Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоону жүзөгө ашыруу тууралуу» **№552**-токтому (мындан ары – Токтом)

**Токтом аркылуу төмөнкүлөр бекитилген :**

- Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоону ишке ашыруу тартиби.
- Ыйгарым укуктуу банктардын тизмеги.
- Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү контракттарга карата банктык коштоону колдонуу критерийлери.

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-октябрындагы** “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө контракттарды банктык коштоону жайылтуу боюнча иш-чаралар жөнүндө” **№169-Б** буйругу (мындан ары – Буйрук)

**Буйрукта төмөнкүлөр бекитилген жана аныкталган:**

- Сатып алуулар боюнча документтерде камтылышы үчүн контракттарды банктык коштоого карата талаптар.
- Товарларды сунуштоо, иштерди аткарууга, кызмат көрсөтүүлөргө контаркттардын формалары.
- Контракттарды банктык коштоо келишимдеринин типтүү формалары.
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн контракттарды банктык коштоону уюштуруу жагындагы аткаруучу милдеттери.

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОНТРАКТЫЛАРДЫ БАНКТЫК КОШТОО ШАРТЫНА КАТЫШУУЧУЛАР

| | |
|---|---|
| **Мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ** |
| **Ыйгарым укуктуу банк** | АЙЫЛ БАНК, КЕРЕМЕТ БАНК, РСК БАНК |
| **Сатып алуучу уюм** | **Мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, фонддор жана** мамлекеттик каражаттардын, мамлекеттик органдардын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражат эсебинен түзүлгөн **башка юридикалык жактар**, **(Мыйзамдын 3-беренесинин 18-пункту)**, ошондой эле, **Агент сатып алуу жөнүндө контракт** түзгөн болсо, **Сатып алуулар Борбору (Агент)**. |
| **Сунуштоочу** | **Товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча сатып алуу жол-жобосуна катышкан жана коштомо контракттарды түзгөн кайсыл болбосун юридикалык жак же жеке адам** |
| **Кошо аткаруучу** | **Кайсыл болбосун юридикалык жак же Кыргыз Республикасынын же ЕАЭБ өлкөлөрүнүн резиденти, коштомо контракт талабын аткарууга тартылган, патенттин негизинде иш алып барган, уюмду түзбөстөн эле ишкердикти жүзөгө ашырган жеке адамды кошо алганда, жеке адам.** |

# КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТООНУН НЕГИЗГИ БАСКЫЧТАРЫ

1. Контракттарды банктык коштоодо колдонулган талаптарга ылайык сатып алууларды аныктоо
2. Сатып алуу жол-жоболору
3. Ыйгарым укуктуу банк менен контракттарды банктык коштоо келишимин түзүү
4. Сатып алуулар боюнча контракт түзүү
5. Сатып алуу контрактысын банктык коштоого алынышы үчүн ыйгарым укуктуу банкка өткөрүп берүү
6. Сунуштоочуга өзүнчө эсеп ачуу. Кошо аткаруучуга өзүнчө эсеп ачуу
7. Сатып алуу контрактысы боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү. Сунуштоочулардын жана кошо аткаруучулардын эсептөөлөрү
8. Сатып алуучу уюмга жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине отчеттотрду берүү
9. Контрактыны банктык коштоо жол-жобосунун жыйынтыгы

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТООНУ ИШКЕ АШЫРУУДА ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ СХЕМАСЫ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ

- «Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» тейлөө кызматы аркылуу банктык коштоо жыйынтыгы боюнча отчетторду алуу.
- Банктык коштоо параметрлерин (мүнөздүү болбогон) макулдашуу
- Контракттарды банктык коштоо шартынын колдонулушуна мониторинг жүргүзүү жана контролдоо

## САТЫП АЛУУЧУ УЮМ

**Банктык коштоо жол-жобосу**

1. Банктык коштоо келишимин түзүү
2. Банктык коштоого билдирмени жөнөтүү
3. «Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» тейлөө кызматы аркылуу банктык коштоо жыйынтыгы боюнча олтчетторду алуу

БСК

**Сатып алуу жол-жобосу**

1. Пландаштырылып жаткан сатып алууга банктык коштоо талаптарына ылайык баа берүү
2. Банктык коштоо шарттарына ылайык сатып алуулар боюнча документтерди жарыялоо
3. Банктык коштоо шарттарына ылайык сатып алуулар боюнча контракт түзүү

## ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ БАНК

1. Сатып алуучу уюмдардын банктык коштоо шартына берген билдирмесин бекитүү.
2. Сунуштоочулар жана кошо аткаруучулар үчүн өзүнчө эсептерди ачуу
3. Эсептешүүлөргө мониторингди жана каражаттардын максаттуу чыгымдалышына контролдукту уюштуруу
4. «Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» тейлөө кызматы аркылуу банктык коштоо боюнча отчетторду түзүү жана сунуштоо.

**Банктык коштоо жол-жобосу**

## СУНУШТООЧУ

1. Ыйгарым укуктуу банкты тандоо
2. Өзүнчө эсеп ачуу
3. Бардык эсептешүүлөрдү өзүнчө эсеп аркылуу гана жүргүзүү
4. Ыйгарым укуктуу банккка негиздөөчү документтерди сунуштоо

## КОШО АТКАРУУЧУ *

*Кошо аткаруучулар ушул 1-пунктту эске албаганда, 2,3,4-пункттарда каралгандарды аткарууга тийиш.

АЙЫЛ БАНК

# 1-БАСКЫЧ. КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТООГО КАРАТА ТАЛАПТАРГА ЫЛАЙЫК САТЫП АЛУУЛАРДЫ АНЫКТОО

## Сатып алуучу уюм

1. **Сатып алуу планын түзөт**
2. **Ушул тартиптин 3-пунктунда белгиленген банктык коштоо шарттарына (талаптарына) ылайык сатып алуу планына баа берет ***

## Банктык коштоону колдонуу талаптары (критерийлери)

| Контракттын түрү | Контракттын суммасы |
|---|---|
| Курулушка байланыштуу иштерди аткаруу ** | **Чеектөөлөрсүз** |
| Товарларды сунуштоо, кызмат көрсөтүүлөр *** | **5 000 000 сомов** |

**Товар сунуштоочулар жана кошо аткаруучулар**
Кыргызстандын резиденттери гана
ЕАЭБке мүчө мамлекеттердин резиденттери

### Төмөнкүлөр банктык коштоого алынбайт ****:

- **Бийликтегилердин (биринчи жактардын) ишин камсыз кылуу максатында түзүлгөн контракттар** (Мыйзамдын 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пункту).
- Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнүн 3-14-пунктарында каралган бир булактан ыкмасы боюнча түзүлгөн **контракттар**.
- **Электрондук каталог** аркылуу түзүлгөн **контракттар**.

*№1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 27-сентябрындагы №522 токтому (мындан ары – Тартип)
** Курулушка, реконструкциялоо ишине, капиталдык ремонттон өткөрүү, имаратты, курулманы же объектти бузууга, анын ичинде автоунаа жолдорун, жол курулмаларын, инжинердик системаларды, түйүндөрдү жана коммуникацияларды, капиталдык жана жарандык курулуштун башка объекттерин бузууга байланыштуу иштерди аткаруу предмети болгон сатып алуулар боюнча контракт (Тартиптин 3-пунктунун 1-пунктчасы).
*** Тартиптин 3-пунктунун 2-пунктчасына ылайык;
**** Тартиптин 4-пунктуна ылайык.

# 2-БАСКЫЧ. САТЫП АЛУУ ЖОЛ-ЖОБОСУ

**Сатып алуучу уюм**

1 Сатып алуу документтеринде (анын ичинде, контракт долбоорунда) буйрук менен бекитилген «Сатып алуу документтерине кошуу үчүн контракты банктык коштоого карата талаптарга» ылайык **контракттарды банктык коштоону колдонуу шарттарын камтыйт.**

2 Контракт долбоорун даярдоодо **буйрук менен бекитилген банктык коштоону колдонуу шарттарына ылайык** тиешелүү контракттын **типтүү формасына** таянат.

**ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!!**

**Сатып алуулар жыйынтыгы чыгарылгандан кийин анын банктык коштоону колдонуу шарттарына ылайык экендиги кайталап контролдукка алынат**

**Талаптар**

Контрактты банктык коштоого карата талаптар сатып алуу документтеринде камтылууга тийиш

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-октябрындагы №169-П буйругу

# 3-БАСКЫЧ. ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ БАНКТАР МЕНЕН КОНТРАКТЫНЫ БАНКТЫК КОШТОО КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ

**Сатып алуучу уюм**

**Ар бир ыйгарым укуктуу банк менен контрактыны банктык коштоо келишимин түзөт.**

*Контрактыны банктык коштоо келишими буйрук менен бекитилген типтүү форма боюнча түзүлөт*

**ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!!**

**Контарктыны банктык коштоо келишими, банктык коштоо шарттарына ылайык сатып алуу боюнча алгачкы контракттыга келишилгенге ЧЕЙИН түзүлүүгө тийиш.**

## Типтүү форма

Контрактыны банктык коштоо келишими

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-октябрындагы №169-П буйругу

# 4-БАСКЫЧ. КОНТРАКТЫНЫ ТҮЗҮҮ

**Сатып алуучу уюм**

1 **Контаркттын** буйрук менен **бекитилген типтүү формасын колдонот ***.

2 **Контракта** (сунуштоочунун билдирмесинин негизинде) ыйгарым укуктуу банкта контракт талабын аткаруу үчүн сунуштоочу тарабынан ачылган **өзүнчө эсеп реквизиттерин чагылдырат**.

## Типтүү формалар

**Кызмат көрсөтүүгө контракт**

**Айрым бир ишти/жумушту аткарууга контракт**

**Товар сунуштоого контракт**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 28-октябрындагы №169-П буйругу

# 5-БАСКЫЧ. КОНТРАКТТЫ БАНКТЫК КОШТООНУ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ БАНККА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ

**Сатып алуучу уюм**

1. Буйрук менен бекитилген **банктык коштоого билдирмеде** анын параметрлерин чагылдырат.

2. Банктык коштоо келишиминде белгиленген тартипте сунуштоочу тарабынан тандалып алынган ыйгарым укуктуу банкка банктык коштоого **билдирмени жөнөтөт** (сатып алуу контрактысын кошо тиркөө менен). *Мөөнөтү: контракт түзүлгөндөн кийинки **5 күнгө** чейин* *

3. Банктык коштоого билдирме бекитилгенден кийин контрактыга идентификатор тарабынан ыйгарылган номер тууралуу маалыматты **ыйгарым укуктуу банктан алып, аны сунуштоочуга жөнөтөт.**

**ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!!**

- **Бир контракт – банктык коштоого бир билдирме.**
- **Колдонулуп жаткан типтүү формага өзгөртүүлөрдү Финансы министрлигине макулдашуу зарыл.**

**Типтүү форма**

Контрактты банктык коштоого билдирменин формасы
(Контарктты банктык коштоо келишимине карата тиркеме)

** Билдирмелер ыйгарым укуктуу банк тарабынан 3 (үч) жумуш күнү ичинде бекитилүүгө тийиш.*

# 6-БАСКЫЧ. СУНУШТООЧУ ТАРАБЫНАН ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ БАНКТА ӨЗҮНЧӨ ЭСЕПТИН АЧЫЛЫШЫ

**СУНУШТООЧУ**

**ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!!**

**Сатып алууга тиешелүү ар бир контракт боюнча сунуштоочу бир гана ыйгарым укуктуу банкты тандап алууга тийиш**

1. Сатып алуу контракттын түзгөнгө чейин бир **ыйгарым укуктуу банкты тандап,** анда сатып алуу контракты боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн өзүнчө эсепти ачат. Контракт боюнча кошо аткаруучулар да ошол эле банкта өзүнчө эсеп ачууга тийиш.

2. Тандап алган банк менен банктык эсеп келишимин **түзүп**, сатып алуу контракттын түзгөнгө **ЧЕЙИН** анда банктык эсеп ачат *.

3. **Тандап** алган ыйгарым укуктуу банк жөнүндө сатып алуучу уюмга **маалымдап,** ошол банкта ачылган банктык эсеп реквизиттерин ага билдирет.

4. Ыйгарым укуктуу банк менен банктык эсеп келишимине карата кошумча макулдашууну **түзөт.** Кошумча макулдашууда ыйгарым укуктуу банк тарабынан бекитилген банктык коштоого билдирмеге ылайык ачылган банктык эсеп боюнча атайы иш ыргагы (өзүнчө эсеп ыргагы, режим) белгиленет.

5. Ыйгарым укуктуу банктан **Жеке кабинетке** («Негиздөөчү документтерди кабыл алуу порталы») кирүүгө уруксат **алат**.

* Техникалык мүмкүнчүлүктөр болгон шартта, өзүнчө эсеп номерин сактап коет

** Билдирмени жөнөтүү тартиби такталууга тийиш

# 7-БАСКЫЧ. САТЫП АЛУУ КОНТРАКТЫ БОЮНЧА ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ. СУНУШТООЧУЛАРДЫН ЖАНА КОШО АТКАРУУЧУЛАРДЫН ЭСЕПТӨӨЛӨРҮ.

## Сатып алуучу уюм

1. Коштоого алынган контракт боюнча **төлөөнү** сунуштоочунун ыйгарым укуктуу банкта ачылган өзүнчө эсеби **аркылуу гана ишке ашырат**.
2. «Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» тейлөө кызматы аркылуу **«талаш жараткан» төлөмдөрдү кароого алат.**
3. Сунуштоочу контракт боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаргандыгы тууралуу ыйгарым укуктуу банкка **маалымдайт.**

## Сунуштоочу

1. Ыйгарым укуктуу банктын аралыктан банктык тейлөө кызматы аркылуу ошол банкка которууга **билдирмени жөнөтөт.**
2. Жеке кабинетинде акча которуу үчүн билдирмеге карата **негиздөөчү документтерди жүктөйт.**
3. Жеке кабинетинде акча которууга билдирмелер статусунун өзгөрүшүнө **көз салып турат.**
4. **Жеке кабинети аркылуу** ыйгарым укуктуу банктын **талабы боюнча** төлөмдөрдүн максаттуу багытталгандыгын тастыктаган **кошумча документтерди же маалыматтарды** жөнөтөт.

## Ыйгарым укуктуу банк

1. Документтердин толук топтомун алгандан кийинки **3 (үч) жумуш күнү ичинде акча которууга билдирмелерди жана аларга тиешелүү негиздөөчү документтерди кароого алат**.

*Салыктык жана эмгек акы төлөмдөрү үчүн которууга билдирмелер 1 (бир) жумуш күнүнөн кечиктирилбестен каралууга тийиш.*

2. **Конролдоо алгылыктуу натыйжа берген шартта** которууга буйрууну аткарат, ал эми **терс натыйжа** келип чыккан шартта – билдирмени четке кагат.
3. **Эгерде ыйгарым укуктуу банк** макулдашуу/макул болбоо чечимин өз алдынча кабыл ала албаган шартта, Жеке кабинети аркылуу талаш жараткан билдирме боюнча сатып алуучу уюмга талап **жөнөтөт.**

## Схема жана нускама

Акча которууга билдирмени жана аны негиздөөчү документтерди ыйгарым укуктуу банкка жөнөтүү схемасы

«Талаш жараткан» төлөмдөрдү макулдашуу боюнча нускама

# МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КОНТРАКТТАРДЫ БАНКТЫК КОШТООНУ ИШКЕ АШЫРУУДА АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ

**САТЫП АЛУУЧУ УЮМ**

Аванс менен төлөө, аткарылган иштер (сунушталгандар) үчүн төлөөлөр каралган шартта, сунуштоочунун өзүнчө ачылган банктык эсебине акча каражаттарын чегерет.

**СУНУШТООЧУ**

Сатып алуучу уюмдан алынган каражат жетпей калган шартта, өзүнүн банктык эсебине акча каражатын чегерет.

**ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ БАНКТАГЫ ӨЗҮНЧӨ ЭСЕП**

Сунуштоочу контракт боюнча бардык эсептешүүлөрдү өзүнчө ачылган банктык эсеп аркылдуу гана жүзөгө ашыра алат.

**ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!**

**Контракт боюнча бардык эсептешүүлөр (сатып алуучу уюм сыяктуу эле, сунуштоочу тарабынан да) сунуштоочунун өзүнчө эсеби аркылуу гана ишке ашырылат.**

# 8-БАСКЫЧ. САТЫП АЛУУЧУ УЮМГА ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ ОТЧЕТТОРДУ СУНУШТОО

**Сатып алуучу уюм**

1 «Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» **тейлөө кызматына туташууга** билдирмени **ыйгарым укуктуу банкка** жөнөтөт.

2 **Отчетторду түзүп,** эсептешүүлөргө жүргүзүлгөн мониторинг жана контракттарды банктык коштоо жагында акча каражатынын максатуу чыгымдалышына контролдук жыйынтыгы боюнча жалпыланган маалыматты жөнөтөт.

## ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!!

- ► **Сатып алууга контракт боюнча отчет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин** «Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчет» тейлөө кызматы аркылуу **ыйгарым укуктуу банкка** жөнөтүлөт.
- ► Алгачкы отчет, өзүнчө эсеп апчылгандан кийинки жумуш күнүнөн тартып ыйгарым укуктуу банк тарабынан сатып алуучу уюмга (Банктык коштоого буйрутма берүүчү), Финансы министрлигине **берилет.**

## Билдирме жана нускама

«Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» тейлөө кызматына туташууга билдирме

«Контракттарды банктык коштоо боюнча интерактивдик отчеттор» тейлөө кызматын колдонуу боюнча нускама

# 9-БАСКЫЧ. КОНТРАКТТЫ БАНКТЫК КОШТОО ЖОЛ-ЖОБОСУН ЖЫЙЫНТЫКТОО

1. **Сатып алуучу уюм** сунуштоочу контракт боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаргандыгы жөнүндө билдирмени ыйгарым укуктуу банкка жөнөтөт.

2. **Сунуштоочу** сатып алуу контрактысы аткарылгандыгын, анын ичинде кошо аткаруучулар менен эсептешүүлөр жыйынтыкталгандыгын тастыктайт.

3. **Сунуштоочу** ниет билдирген өтүнүч катын ыйгарым укуктуу банкка жөнөтөт. *Ниет билдирүү өтүнүч каты банкка келип түшкөн күндөн кийинки **5 (беш) жумуш күнү** ичинде кароого алынууга тийиш.*

4. Сунуштоочу төмөнкү шарттарды так аткарган учурда гана **ыйгарым укуктуу банк** ниет билдирген өтүнүч катты аткара алат:

а) сатып алуучу уюмдан эсептешүүлөр жыйынтыкталгандыгы тууралуу билдирмени алган шартта;

б) Сунуштоочу сатып алуу контрактысын аткаруу максатында ишке тартылган кошо аткаруучулар менен бардык эсептешүүлөрдү аягына чыгарган шартта. Мында, тиешелүү неиздөөчү документтер кошо тиркелүүгө тийиш;

в) Сунуштоочу сатып алдуу контрактысы боюнча бардык милдеттенмелерин аткарган болсо.

5. **Сунушточу** өзүнчө ачылган эсепти жабат (өзүнчө эсепти токтотот)/кошумча келишимди жокко чыгарат.

6. **Ыйгарым укуктуу банк** сатып алуу контрактысы аткарылгандыгы тууралуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине маалымдайт.

**ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ МААНИЛҮҮ!!!**

► **Сатып алуучу уюм сунуштоочу контракт боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаргандыгы жөнүндө билдирмени контракт аткарылган (сатып алуучу уюм тарабынан товарлар (иштер), кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөлөр боюнча) күндөн кийинки 5 (беш) жумуш күнү ичинде жөнөтүүгө тийиш.**

*Сатып алуу контрактысынын толук аткарылышы дегенден улам, контрактыны коштоо боюнча бардык милдеттенмелердин аткарылгандыгын, сунуштоочунун акча каражаты түпкү аткаруучуларга жеткирилгендигин кошо алганда, сунуштоочу жана кошо аткаруучулар менен бардык эсептешүүлөр жыйынтыкталышы шартын түшүнүү зарыл.

# САТЫП АЛУУНУ УЮШТУРУУДА ЖАНА КОНТРАКТ ТҮЗҮҮДӨ АНЫКТАЛГАН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

| Көйгөйлүү маселенин маани-маңызы | Оңдоолорду киргизүү боюнча сунуштар |
|---|---|
| Банктык коштоо шартын сатып алуу кулактандыруусун түзүүдө сатып алуу документтеринин камтылбашы* | Банктык коштоо шарттарынын сатып алуу документтеринде камтылышына контролдоо таасирин күчөтүү. Сатып алуучу уюмдарга түшүндүрмө берген кат жөнөтүү. Финансы министрлигинин маалымат системаларында «Банктык коштоого алынууга тийиш» белгисинин автоматташтырылышы. |
| Мамлекеттик сатып алуулар порталында сатып алуу документтерин жайгаштырууда контракттын типтүү эмес формасынын колдонулушу | Сатып алуучу уюмдарга контракттын типтүү формасы колдонулууга тийиш экендигин кошумча эскертүү. |
| Контракт түзүлгөндөн кийин ыйгарым укуктуу банкка банктык коштоого билдирме берүү мөөнөттөрүн бузууга жол берилиши. | Контракттарды банктык коштоого өткөрүп берүүү мөөнөтүн контролдоо таасирин күчөтүү. Финансы министрлигинин маалымат системаларында мөөнөттөрдү бузууга жол берүү билдирмелерин автоматташтыруу. |
| Эсептешүү эсебин ачуу жана аны өзүнчө эсеп ыргагына (режимине) которуу мөөнөттөрүн бузууга жол берилиши | Ыйгарым укуктуу банктар жана сатып алуучу уюмдар тарабынан өзүнчө эсеп ачуу мөөнөттөрүнүн так сакталышы зарылчылыгы боюнча сунуштоочуларга кошумча маалымдалышын уюштуруу. |
| Сунуштоочунун өзүнчө эсебин колдонуусуз эле сатып алуучу уюм тарабынан контракт боюнча төлөмдөрдүн ишке ашырылышы | Финансы министрлигинин маалымат системаларында кошумча автоматташтырылган контролдоо жол-жобосун жөнгө салуу. Ал ишке ашырылганга чейин сунуштоочулардын өзүнчө эсептерине түшүүчү төлөмдөргө контролдукту күчөтүү. |

* Мамлекеттик сатып алууларга тиешелүү мыйзам талаптарын бузууга жол бергендик үчүн Кыргыз Республикасынын «Укук бузуулар жөнүндө» кодексинин 356-беренесинин 1,2,3 жана 4-пункттарына ылайык жоопкерчилик каралган.

# ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНИН САЙТЫНДАГЫ МАТЕРИАЛДАР

Документтердин типтүү формалары, ошондой эле мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө түзүлгөн контракттарга карата банктык коштоо шартын колдонуу тартиби боюнча түшүндүрмө берген материалдар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин төмөнкү даректеги сайтында жайгаштырылган:

**https://www.minfin.kg/posts/show/bankoskoe-soprovozhdeniya-kontraktov**

**Сатып алуучу уюмдарга, сунуштоолчуларга, иш бүткөрүүчүлөргө жана консультанттарга жөнөтүлүүчү жүгүртмө каттар**

## ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ БАНКТАРДЫН БУЛ ИШ БАГЫТЫ БОЮНЧА ЖООПТУУ КЫЗМАТКЕРЛЕРИ

Султанов Айбек Советбекович

aibek.sultanov@ab.kg
https://ab.kg/bankovskie-uslugi-uslugi_bsk/uslugi_bsk

Торогельдиева Мээрим Каныбековна

mtorogeldieva@keremetbank.kg
https://keremetbank.kg/ru/business/bankovskoe-soprovozhdenie-kontraktov

Усенбаева Асель Мировна

a.usenbaeva@rsk.kg
https://www.rsk.kg/ru/ur/bsoprovojdenie